36

1318

Молдо Кылыч

Алдамчы
Кыз жигит
Жинди суу
Буудайык.

Институт языка, литературы и истории Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв № 38,
90 стр. 16/IV-81

Содержание дела №1318 (копия).

1. Молдо Кылыч
Алдамчы 1-11б.
2. Кыу жигит 12-18б.
3. Жинди суу 19-30стр.
4. Буудайык (I в) 31-59б
5. Буудайык (II в) 60-90стр.

Институт языка, литературы и истории
Инв. № 1318
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

1

Молдо Кылыч.

Институт языка, литературы и истории
Инв. № 36
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

## АЛДАМЧЫ

Келип кетем Шамшы ашып,

Кезегинде Токмокко.

Кэзде жолдо жолугам,

Кыйкырышкан бир топко.

Кыйкырышып чогулган (Кылгырышып)

Конуп жаткан ашпоздо.

Арак-сыра бозо ичкен,

Ылжыган мас акмакка.

Кокус түшүп кетпесин,

Жети түрлүү дозокко.

Масчылыктан барысы

Батабыз деп кызыкка.

Кумар ойноп кетишет

Арампоздук бузукка.

Тааныганы ырдадеп,

Салып кетет азапка.

Кызыталак дешишип

Корсулдаган ала өпке

Кой союшуп эт жеген

Ценгенеге кызыккан

Жолуушуп калыпмын

2

2.

Кокусунан бир ит,

Ценгенеге кошул деп

Калбаңыз деп эреттен

Кантип карап турасың

Куру калып бул эттен

Акчаңызды төлөймүн,

Куткарам деп менеттен

Убадага карадым,

Жетишпестик себептен

Акырында чиркин ай

Салды капа күйүтке

Сен черикчи, мен тынай

Деген сөзү эң өттү,

Жанымдагы акчанын

Этке төлөп кур кеттим.

Акча чиркин курусун,

Жолугупмун илдетке

Беш алты күн сүзөктөп,

Каңгып жүрдүм элетте.

Качан болсо бачагар,

Алдамчылык тилекте.

Атын айтсам эң уят,

Өзү манап уруктан.

3.

Конок келсе кубалайт
Кондурбастан куруткан.
Тышка барса чиренет
Манапсынып ант аткан
Ашып барып Кочкордо
Алда канча жолуккан.
Жаңы уктум кабарын,
Катуу келип улуктан
Опыс кылып мал мүлкүн
Ажыраткан уяттан.
Андан башка иши жок
Алып кеткен бир атын
Киши акысын кишиге
Кетирбеген жараткан.
Насиялап алчу экен,
Токмоктогу бай сарттан
Цалай алдап ар кимди
Булун бербей боздоткон.
Беремин десем чай ичип
Бечарага сыздаткан.
Акырында жазасын
Улук берген тилктан.